УДК 37(091)(575.2)"…–19" DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.467

# XX КЫЛЫМГА ЧЕЙИН КЫРГЫЗ КООМУНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН АЙРЫМ АСПЕКТТЕРИ

**Акматали Алимбеков-** педагогика илимдеринин доктору, профессор
Кыргыз-Түрк “Манас” университети
akmatali.alimbekov@manas.edu.kg

*Бул макалада кыргыздардын XX кылымга чейин кыргыз коомундагы билим берүүнүн айрым аспектилери тарыхый ретроспективалык паралелдер аркылуу ачыкталат.*
*Кыргыздардын таалим-тарбия тарыхы узак доорлор арасы көчмөн цивилизациянын алкагында өнүгүп, жаш муундарды жашоо үчүн зарыл болгон билим, билгичтик көндүм жана тажрыйбаларга ээ кылууну көзөмөл туткан. Кыргыздар орто кылымда башка түрк уруулары менен бирдикте эн-тамга, петроглиф, идеограмма формасындагы жазуу маданиятын баштан кечиришкен. Тарыхый булактарда кыргыз уландары байыркы Кытайдын шаарларында билим алышканы тууралуу маалыматтар учурайт. Акындардын санат насыят, улгу ырлары кадыресе таалим –тарбия чыгармалары катары кабылданган. Жыйырманчы кылымдын башына чейин кыргыз жеринде Кыргызстанда 107 мектеп болуп, аларда 7045 бала билим алган.*

**Негизги сөздөр:** кыргыз коому, көчмөндүк, салт, тарбия, агартуучулук, тарых, билим берүү.

# НЕКОТОРЫЕ АСПЕКТЫ ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСКОМ ОБЩЕСТВЕ ДО XX ВЕКА

**Акматали Алимбеков –** доктор педагогических наук, профессор
Кыргызско-Турецкий университет «Манас»
akmatali.alimbekov@manas.edu.kg

*В этой статье посредством исторические ретроспективные параллели раскрываются некоторые аспекты образования в кыргызском обществе до XX века.*
*Образование у кыргызов развивалась в рамках кочевой цивилизации основной целю которого явилась вооружение молодого поколения жизненно важными необходимыми знаниями, умениями и навыками . В средние века кыргызы вместе с другими тюркскими племенами имели культуру письменности в виде эн-тамги, петроглифов и идеограмм. В исторических источниках есть сведения, что кыргызская молодежь получила образование в городах древнего Китая. Поучительно-назидательные песни акынов импровизаторов воспринимались как обычные педагогические произведения. До начала XX века в Кыргызстане действовало 107 школ, в которых обучались 7045 детей.*

**Ключевые слова:** кыргызское общество, кочевничество, традиции, образование, просвещение, история, образование.

# SOME ASPECTS OF EDUCATION IN KYRGYZ SOCIETY BEFORE THE 20TH CENTURY

**Akmatali Alimbekov**
Doctor of pedagogy and science,professor of
Kyrgyz-Turkish University "Manas"
akmatali.alimbekov@manas.edu.kg

*This article, through historical retrospective parallels, reveals some of the directions of education in Kyrgyz society before the 20th century.*
*Education among the Kyrgyz developed within the framework of a nomadic civilization, the main goal of which was to equip the younger generation with vitally necessary knowledge, skills and abilities. In the Middle Ages, the Kyrgyz, together with other Turkic tribes, had a written culture in the form of en-tamga, petroglyphs and ideograms. Historical sources contain information that Kyrgyz*

*youth were educated in the cities of ancient China. The instructive and edifying songs of akyns of improvisers were perceived as ordinary pedagogical works. Until the beginning of the twentieth century, there were 107 schools in Kyrgyzstan, attended by 7,045 children.*

**Key words:** Kyrgyz society, nomadism, traditions, education, enlightenment, history, education.

**Киришүү**

Ар кандай элдин салттуу тарбия маданиятынын, билим берүү системасынын тарыхы аны жараткан жана колдонгон элдин тарыхы менен түздөн-түз байланышта болгондуктан аларды бири-биринен бөлүп кароого болбойт. «Кыргыздар Борбордук Азиянын эң байыркы элдеринин бири. Азыркы мезгилде Борбордук Азияда жашаган элдердин ичинен тарыхта аты мынчалык эрте кездешкен бир дагы эл жок». [1, 176]

Кыргыздардын байыркы доордон ушул күнгө чейинки таалим-тарбия тарыхын бири - биринен олуттуу айрымалуу бир катар тарых менен шартталган багыттарга бөлүп кароого болот.

Дүйнөнүн көпчүлүк элдери сыяктуу кыргыздарда да билим берүү тарыхынын узак кылымдык мезгилдери китеп, мектепсиз салттык коомдун алкагында өткөн. Бул тууралуу академик Г.Н Волков: «Элдик педагогика менен илимий (мектеп) педагогикасынын тарыхын миң беттен турган бир китеп катары элестете турган болсок, анда мектеп, китеп жөнүндөгү сөз, ал китептин 995- же 996-бетинен башталмак» – деп ырастаган. [2, 55] Бул макалада дал ошол расмий кыргыз коомунда мектептер курула элек мезгилдердеги билим берүүнүн айрым багыттарына басым жасалат. Изилдөө документ анализи методу аркылуу жүргүзүлүп, булак катары оозеки чыгармалардын үлгүлөрү, тарыхый документалдык материалдар, тарыхый этнографиялык эмгектер колдонулду. Тарыхый педагогикалык кубулуштарды талдоонун цивилизациялык мамиле принциби жетекчиликке алынды. Мында тарыхый педагогикалык билимдер белгилүү мамлекет же расмий билим берүү чегинде гана эмес, адамзат турмушунун бардык чөйрөсүндө анын ичинде тарбиялоого байланыштуу үй бүлөлүк, улуттук салттар, коомдук нормалар катары калыптанаары эске алынат [3]

**Изилдөөнүн натыйжалары жана аларды талкуулоо**

Кыргыздардын этникалык маданияты анын ичинде билим берүү салттары көчмөн жашоо образынын алкагында калыптанган.

Көчмөндөр тарыхы б.з.ч. 8-кылымдагы скифтердин пайда болушунан тартып үч миң жылга жакын убакытты камтыйт. Бирок, көчмөндөрдүн билим дүйнөсүндөгү тарыхын таанууда седентаризм идеологиясы үстөмдүк кылып келген. Седентаризм (Седентаризм – от англ. 'sedentary' – «оседлый») отурукташкан элдердин көчмөн элдерден артыкчылыгын далилдеген дискурс. Седентаризм – көмөндөрдү басынтууну көзөмөл туткан “илимий” метод. [4]

Көрүнүктүү англис тарыхчысы А. Тойнбинин пикиринде: «Көчмөндүн жашоосу — адам чеберчилигинин шексиз жеңиши» [4, 111]

Көчмөн кыргыздар байыртан эле акыл менен билимдүүлүктү адам баласына таандык башкы касиет катары баалап келишкен. Байыртан мурас калган аңыз аңгемелерде, дастандарда, макал-лакаптарда азыркы муундар үчүн акыл менен билимдин адам турмушундагы ордун ар тараптуу түшүнүүгө, алардын билимге болгон дитин, кунтун ойготууга дүрмөт болуучу осуяттар арбын болгон.

Акыл менен билимдин баалуулугу жөнүндө элдик даанышмандык төмөнкү макалдарда таамай, так айтылат,: «Акыл – тозбогон тон, билим – түгөнбөгөн кен», «Билими күчтүү миңди жыгат, билеги күчтүү бирди жыгат», «Кылыч – курал эмес, акыл – курал», «Күч кетет, акыл кетпейт», «Билген миңди башкарат».

Бабалар кара күчтон акыл, билим баалуу деп нускашкан:

Билегиңе ишенбей, билимиңе ишен,
Колуң чолок болсо да, оюң чолок болбосун,
Теректей бой бергиче, теменедей акыл берсин,

Билимдүү болсоң — озоорсуң, билимсиз болсон, — осолсуң,
Билими бар ар балээден кутулат, билими жок ар балээге тутулат,
Билген суу ичет, билбеген уу ичет [5]

Кыргыз тилинде адамдын акыл, билим жактан жетилишин мүнөздөгөн «акылман», «кеменгер», «даанышман» сыяктуу түшүнүктөр кездешет. Ошону менен катар үйрөтүү-үйрөнүү процессинин ар түркүн ыкмаларын, үйрөнүүчү адамдын түрдүү психикалык абалын түшүндүргөн элдик термин сөздөр арбын. Алар «ыклас», «көңүлү кунт», «идирек», «жөрдөм», «дилгир»– бир нерсени билүүгө ынтызарлык, «ийкемдүү»–эпчил, жөндөмдүү, «кыраакы» – ишти алдын ала билгич, «улама» – өткөн-кеткендер жөнүндө көп угуп, көптү билген, көп нерседен кабары бар адам, «жатыгуу», «машыгуу», «көнүгүү» – маш болуп үйрөнүү, процессинин этаптары, «көкүрөгү тунук» – акылдуу, сезимдүү, «тил билги» – бир нерсени тез түшүнгөндүк, «көзү ачылуу» – бир нерсеге ачык даана түшүнүү, «эс» – унутпай эсте сактоо, «абай» – байкоо, түшүнүү, сезүү, «жаңы» – акыл-эс, ой, «кадик-жатык»–бир нерсени жакшы билген, такшалган, машыккан, «аң»–туюп-билүү сезими, ички туюму, «маштоо»–үйрөтүү-такшалтуу, «көрөңгө»–үйрөнүлгөн билим, рухий кудурет ж.б» [].

Бул өңүттө Махмуд Кашгаринин сөздүгүндөгү өзгөнүдө акыл, зээн, эс маани жаткан «Өғ» сөзү өзгөчө мааниге. Акылдуу, зээндүү жана улгайган, насаат айткан карыя аксакалдарга "өғе" деп кайрылышкан. Жалпылап айтканда «үгө, өге» – «акылдуу, тажрыйбалуу», акыл-эстүү кишилерге берилген мүнөздөмө катары колдонулган [7, 8].

Биздин пикирибизде «үйрөтүү», «үйрөнүү» («билик үгрен» – илим үйрөн!), түшүнүктөрүнүн уңгусунда дал ошол «өғ» сөзү жатат. Бул сөз азыркы түркчөсүндө «өгрен», хакастарда «уген», уйгурларда «угэн», азербайжан, башкыр, татар элдеринде «ойрэн», түркмөндөрдө «оврен», казактарда «уйрен», якуттарда «уорэн» деп айтылып, бирдей маанини, кандайдыр бир өнөргө, адамгерчиликтүү адат-салттарга ээ болуу деген түшүнүктү билдирет.

Көчмөн кыргыздарда азыркыдай окуу тарбия мекемелери, окуу программа, китептери болбосо да алардын функциясын аткарган социалдык институттар болгон.

Балдарга билим берүүнүн максаты жана мазмуну турмуш тиричилик, чарбалык иштер, адамдын адеп наркына байланыштуу салттык нормалар менен туташ биримдикте жүзөгө ашкан.

Ар бир жаңы муун өзүнөн мурдагылардын тажрыйбасын өздөштүрүп, өнүктүрүп, байытып кийинки муунга өткөрүп берүүнүн салттары иштелип чыккан.

Кыргыз эли билим берүүнүн төмөнкүдөй эреже принциптерин иштеп чыгышкан

1. *Көрсөтмөлүүлүк принциби:* «Миң уккандан бир көргөн артык», «Көздөн алыс нерсе, көөдөндөн да ыраак болот», «Көргөн соң билгени», «Көз менен көргөн чындык, уккан ушак».

2. *Ырааттуулук, системалуулук принциби:* «Иш кылсаң иретин бил», «Тамчыдан булак, булактан көл болот», «Көрө-көрө көсөм болот, сүйлөй-сүйлөй чечен болот», «Чоң иш бүтүрөм десең, кичинеден башта», «Аста-аста иш кылсаң, алыстагыны аласың».

3. *Аң-сезимдүүлүк менен өздөштүрүү принциби:* "Эс-акылыңды бербесең, эңсегениңе жете албайсың», «Тиши чыккан балага кишиге чайнап берген аш болбойт». Аталган окутуу принциптери көп жагынан заманбап билим берүү принциптери менен шайкеш [ 8, 159].

Байыркы түрк элдери менен бирдикте кыргыздар да чейинки графикалык каражаттардын (эн-тамга, петроглиф, идеограмма) негизинде жаралган жазууну пайдаланышкан [9].

Кыргыз жазуулары негизинен эпитафиялык таш эстеликтерде, шынаа сымал тактайчаларда идиш-аяк жана башка буюмдарда сакталып келген. Кыргыз жазууларынын таралган ареалы өтө кенен аймакты (Хакасия, Тува, Тоолуу Алтай, Краснояр крайы, Монголия, Талас, Кочкор) кучагына камтыган.[ 10, 123]

Орто кылымдарда Кыргыз каганатында он беш кат сабаттуу адамдардан турган Секретариат иштеген. Кытай жазма булактарында бул кызмат «чжанши» деп аталган.

Кыргыз тарыхчысы М.Кожобековдун божомолунда «Уйбат жазуусунда Уз ысмы менен кошо «Билге сөзүнүн жалгаш жазылышы, бул адамдын каганаттагы жогорку кызмат ордун эле билгизбей, балким анын билимдүүлүгүн, бийик даражасын билдирет» [11, 137]

Кыргыздарга таандык жазууларда : Окутуучума жүз эр, турак (жай) бердим»; «Уулум эр жеткенде окутуучуңдай бол, ханга кызмат кыл, кайраттан»; «Үч уулумду улгайтып өстүрдүм».[12, 191]

Саглы өрөөнүндөгү көрүстөндөрдөн табылган тибет шамандарынын кайыңга жазылган грамоталарына караганда кыргыздар арасында тибет жазуусун колдонгон сабаттуу адамдар болгон.

VII –кылымда Кытайдын турдуу билим боборлорунда 8 минге жакын чет элдиктердин арасында кыргыз жаштары да билим алышкан. [13, 269]

Бегре эстелигинде кыргыздын чыгаан уулу Тер апа жашымда жашымда Табгач ханына барып тарбия билим алдым. деген маалымат бар. [14, 29]

843-жылы Кыргыз каганы менен Кытай императору кат алышып турушкан. Кыргыз каганатынын жөндөмдүү уландары окуп билим алып жатышкандыктары жана алар келечекте Кытай мамлекетине коркунуч жаратаары «Алар ордодо болгондо Борбордук мамлекеттин мыйзамдарын окуп уйронушуп, уйлоруно жеткенде биздин чек арадагы аймактарга зыян келтирчү» –деп белгиленет . [15, 31]

Кыргызда мектеп, мугалим пайда болгонго чейин коомдук масштабда элдин, айрыкча жаштардын көзүн ачуу, көөдөнүн агартуу аларды турмуштагы туура жолуна салуу багытында таасир көрсөтүүнү өзүнүн жоопкерчилиги катары эсептеген адамдар категориясы бар беле? - деген суроо жаралбай койбойт. Тарыхка назар салсак мындай милдетти эң обол эл ырчылары акындар аркалаганын көрөбүз. В.Г.Белинскийдин пикиринде: «акын ...бир эле убакта ойчул... Поэзия менен философия бири-бирин жерибестен, бири-бирине кол беришип, өз ара колдошуп турушат, ал гана эмес, бири-бири менен ушунчалык жуурулушуп кетишет, кайсы бир философиялык чыгарманы алды менен поэтикалык деп, ал эми поэтикалык чыгарманы философиялык деп алууга болот» [16, 144]. Дал ушул салт кыргыздын ырчы акындарынын чыгармачылыгында өтө кеңири өнүккөн.

Эл ичинде турмуштук тажрыйбалар аркылуу тастыкталган улуттук руханий –адептик баалуулуктарды санат насыят, улгу катары иретке салып, системалаштырып иштеп чыгышкан. П. Ирисов: “Тарбиялык функция ырчылык өнөрдө өзөк маселе болуп келгендиктен дээрлик бул тема ырдалбаган ырчы болгон эмес. Ал гана эмес тарбия темасында ырдоо ырчынын чыгармачылык талантын баалоочу критерийге айланган” -деп жазат [17, 19]. Акындардын санат насыят, улгу ырлары кадыресе таалим –тарбия чыгармалары катары кабылданган. Калк тарабынан нарктуу акын педагог катары, нарктуу поэзия педагогика катары кабылданган. Ошону менен бирдикте акындардын ырлары салттык билимдерди таануунун булагы болгон.

Ырчы-акындардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн педагогикалык аспектен анализдөөдө жазгыч акындарды өзгөчө категория катары кароо зарыл**.** Алар тегин жерден «молдо», «молдоке» деген өз заманынын кадырлуу, сыйлуу наамына татышкан эмес. Мындай жогорку даражадагы элдик наам өз заманында билимдүүлүгү, нускасы, агартуучулугу менен калктын көзүн ачып, көөдөнүн агартууга ак кызмат кылып, салмактуу салым кошкон инсандарга карата айтылган. Ушундан улам, ошол доордогу «агартуучу», «мударис», «мугалим» терминдердин ордуна белгилүү өлчөмдө «молдо», «молдоке» деген сөздөр колдонулуп келген деп айтууга негиз бар [18, 234]. Мындай ырчы-акындардын сап башында Молдо Нияз, Нурмолдо, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо, Молдо Багыш жана башкалар турат. Чындыгында эле алар кыргыз жергесинде балдарды чогултуп, тамга таанытып, китеп окутууга үйрөтүү иштеринин башатында турушкан. Лингвист Э.Тенишев адилет белгилегендей: «Мурдагы учурда молдолор жалаң гана динге кызмат өтөгөн адамдар эмес, маданияттын жана эл агартуунун ишмерлери болушкан, балдарды кат-сабатка үйрөтүшкөн. Алар билимдүү адамдар катары чыгыштын көптөгөн классикалык тилдерин билишкен, адабий тилдин калыптанышына жана өнүгүшүнө көмөктөш болушкан» [19, 49]. Акындык чыгармачылык ишин белгилүү өлчөмдө өз мезгилинин мектептеринде балдарга тамга таанытуу менен айкалыштырып, агартуучу акын аталгандардын арасында Тоголок Молдо өзгөчө орунду ээлейт.

Анын чыгармаларындагы таалим-тарбия маселелери балдардын өнүгүш баскычтарын эске алуу, аларга таасир этүүгө ийкемдүү каражаттарды табуу жагынан ыраатуулугу жана программалуулугу менен айырмаланат. Анын бул чөйрөдөгү ишмердүүлүгү педагогиканын тарыхы боюнча антологияларда чагылдырылып, атайын изилдөөлөрдүн да предмети болуп келген.

Ал эми Молдо Кылыч Тазабек Саманчиндин маалыматы боюнча кыргыз билим берүүсүнүн тарыхында биринчи жолу «Усили – жадид» методикасы аркылуу балдарды өз эне тилинде окутууну баштаган. Окуу программасына эсеп, жазуу, эмгек сабактарын киргизет. Кыргыз элинин тарыхында балдарга өз чыгармаларын окутуп, жаттатып, алардын адабий-көркөмдүк түшүнүгүн арбытат. Мунун натыйжасында, окуучуларынын кайсы бирөөлөрү анын чыгармаларын көчүрүп жазып, элге окуп берип, аларды эл арасына таратуу жагынан бир кыйла эмгек кылышкан» [20, 231]. Акындын чыгармаларынын дүйнө таанымдык дарамети жогору болгондуктан, аларды жаңы метод менен сабак берген башка мектептин мугалимдери тарабынан көчүрүлүп алып, окуу куралы катары кеңири таркап кеткендигин тастыктаган маалыматтар да кездешет.

Молдо Кылыч “Чүй баяны” «Канаттуулар», Барпынын «Бул куштардын санаты», «Жырткычтар» , «Бүркүттүн тою», «Буудайык» деген чыгармалары алардын табийгый орнитолог жана зоопсихолог болгондугун тастыктайт.

Алар канаттуулардын көркөм поэтикалык зоопаркын, маалымат китепчесин, зоопсихологиялык классификациясын жаратышкан.

Тоголок Молдо менен Калык Акиев «Ала-Тоо» аттуу аталыштагы ырларында адис географтар сымал тоолук кыргыздардын жерлеринин өзгөчөлүктөрү, кен байлыктары, чарбачылыгы туралуу маалыматтарды беришкен.

Тоголок Молдо «Жер жана анын балдары» аттуу айтылуу чыгармасында жамгыр, суу, шамал, от, күн, жердин физикалык өзгөчөлүктөрү , адам турмушундагы функциялары балдардын дуйнону кабылдоо даражасына ылайык таасирдуу таанытылган.

Жеңижок Аксы, Арым, Талас, Алай чөлкөмүндөгү жер-суулардын ар биринин ландшафтын сүрөттөө менен гана чектелбестен, ал жерлерди мекендеген элдердин уруусу, кесип, өнөрлөрүн баяндаган.

Акындар чыгармаларындагы негизги темалардын бири *замандын коомдун өзгөрүүлөр тууралуу билимдер.* Өз кезинде көрүнүктүү деп эсептелген ар бир кыргыз акыны, ар бир ырчысы карапайым элдин бул тармактагы көз караштарын жана билимдерин байытып, өнүктүрүүгө өз мүмкүнчүлүгүнчө салым кошуп келишкен. Бул тема кайсы бир өлчөмдө ырчы-акындардын акыл дараметин, даанышмандыгын айгине кылуучу көрсөткүч да болуп эсептелген.

Кыргызстан аймагында татарлар, өзбектер, уйгурлар, дунгандар уюштурган медреселерде окуган, айрымдары азыркы Өзбекстан, Тажикстан, Уйгурстан, Татарстан, Башкырстан, атүгүл Азербайжан аймактарында иштеп турган медреселерге барып окуган. Ири медреселер катары Оштон башка Өзгөндө Арап байдын, Жаныбек жана анын агасы Алибектин, Фахруддин молдонун, Куршабда Жусупбек казынын, Эраалы миңбашынын, Кара-Сууда Али-Кули Хасан бийдин, Жалал-Абадда Мырзакул болуштун, Кадамжайдын Пум деген жериндеги Абдыкайым эшендин, Кызыл-Булак айлындагы Молдо Нияздын ж.б. адамдардын медресеси иштеген. Медреселерден тышкары Совет дооруна чейин Кыргызстанда төмөнкүдөй эки мектептин модели жашап келген. Алардын биринчиси келгин татар агартуучулары тарабынан ачылган «усул-и-жадид» (жаңы метод) мектептери. Совет дооруна чейинки экинчи бир билим очогу бул «орус туземдик» мектептери болгон. Ошентип кыргыз коомунунун тарыхында ар кандай доорлордун өзгөчөлүктөрүнө карай билим берүү иши дамамамат уланып келген.

**Адабияттар**

1. Бартольд В. В. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалган эмгектер. – Б., 1996. –176 б.
2. Волков Г.Н. Этнопедагогика.– Чебоксары, 1974. – 213 с.

3. Kömleksiz, M., Çelikbay, A., & Alimbekov, A. Açıklamalı eğitim terimleri sözlüğü: Kırgızca-Türkçe-Rusça-İngilizce. 2002. Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Yayınları.
4. Элери Битикчи Седентаризм – «научный» метод унижения кочевников// https://kgcode.akipress.org/unews/un_post:2096
5. ТойнбиА. Дж.Постижение истории. – М.: Прогресс, 1991. – 736 с.
6. Алимбеков, А. Педагогический потенциал пословиц и поговорок. Русский язык и литература в школах Кыргызстана, 2000, №5-6- 129–140.
7. Алимбеков, А. Кыргыз элинин билим берүү салттары: Окуу куралы. – Б.: Педагогика, 2001. – 44 б.
8. Алимбеков, А. Окутуунун жалпы методдору. / А. Алимбеков, М. Ташпынар. - Б., 2004. – 232 б.
9. Гузев В.Г., Кляшторный С.Г. Древняя письменность Великой степи. // Тюркологический сборник. М.: 2009. С. 146-176.
10. Каратаев О., Эралиев С. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. Бишкек. "Бийиктик" – 2005, 267 б.
11. Кожобеков М. Орто кылымдагы Кыргыз каганатындагы билим туурасында // Кыргыз-түрк «Манас» университети. Коомдук илимдер журналы.-2002.-№, 3. - 34-39 б.б.
12. Сыдыков С., Конкобаев К. Байыркы Түрк жазуусу (VII-X кылымдар): окуу китеп.-Б.: КТМУ, 2001.-337 б.
13. Крюков М.В., Малявин В.В., Софронов М.В.. Китайский этнос в средние века (VII-XIII вв.). // М.: 1984. 336 с.
14. Малов С. Е. Енисейская письменность тюрков. Москва — Ленинград — 1952
15. Кляшторный С.Г.Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. // М.: «Наука». 1964. - 214 с
16. Белинский В.Г. Избранные статьи. — М.: Детская литература, 1972. — 223 с.
17. Ирисов П. Ырчылар чыгармачылыгы: Окуу китеп. Б.: “Бийиктик”, 2004. 212 б.
18. Алимбеков, А. Түрк дүйнөсүнүн ойчулдарынын мурастарындагы педагогикалык идеялар. - Б.; 2017.- 272 б.
19. Тенишев Э. Улуттук доорго чейинки кыргыз адабий тили жөнүндө// Ала-Тоо, 1989, №8-9. – 145 - б.
20. Молдо Кылыч. Казалдар.-Фрунзе:Аадабият, 1991.-256 б.

**УДК: 78.091.3**

## ОКУУЧУЛАРДЫН ЭСТЕТИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДА МУЗЫКА САБАГЫНЫН ОРДУ

Альпекова Фарида Исамидиновна - ОшМПУ улук окутуучу
https://orcid.org/0009-0002-3540-2096
Faridaalpekova@gmail.com

## РОЛЬ УРОКОВ МУЗЫКИ В ФОРМИРОВАНИИ ЭСТЕТИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ УЧАЩИХСЯ

Альпекова Фарида Исамидиновна - старший преподаватель ОшМПУ
https://orcid.org/0009-0002-3540-2096

## THE ROLE OF MUSIC LESSONS IN SHAPING STUDENTS' AESTHETIC CULTURE

Alpekova Farida Isamidinovna-Senior Lecturer at Osh State Pedagogical University
https://orcid.org/0009-0002-3540-2096

### Аннотация

Бул макала музыка сабагынын окуучулардын эстетикалык маданиятын калыптандыруудагы орду жана тарбиялык ролу жөнүндө сөз кылат. Музыка сабагы эстетикалык тарбиянын негизги компоненти катары адамдын эмоционалдык жана руханий